БЕКИТИЛДИ
Кыргыз Республикасынын
Адвокатурасынын Адвокаттар кеңешинин
чечими менен
2026-жылдын «27» 08 № 22

Сот өкүлчүлүгү маселелери боюнча кошумча кесиптик даярдыктан өтүүнү каалаган адамдарды алдын ала каттоо
ТАРТИБИ

1-бөлүм. Жалпы жоболор

1. Ушул Тартип Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы, адвокаттык иши жана Кыргыз Республикасындагы юридикалык өкүлдөр жөнүндө» Мыйзамына (мындан ары - Мыйзам) жана юридикалык өкүлдүн ишин жүзөгө ашырууга талапкер адамдар үчүн сот өкүлчүлүгү маселелери боюнча кошумча кесиптик даярдыктын окуу программасына (мындан ары - Программа) ылайык иштелип чыкты жана Программа боюнча даярдыктан өтүүнү каалаган адамдарды алдын ала каттоо, окуу топторун түзүү жана тиешелүү маалыматты жайгаштыруу тартибин аныктайт.

2. Алдын ала каттоо Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы (мындан ары - Адвокатура) тарабынан окуу башталганга чейин жүргүзүлөт.

3. Алдын ала каттоо төмөнкү максаттарда жүргүзүлөт:

1) Программа боюнча даярдыктан өтүүгө ниеттенген адамдарды (мындан ары - талапкерлер) эске алуу;

2) талапкерлердин Мыйзамда белгиленген квалификациялык талаптарга шайкештигин алдын ала баалоо;

3) окуу топторунун санын, курамын жана графигин, анын ичинде аймактык топторду жана дистанциялык окутуу топторду пландаштыруу;

4) талапкерлерди окутуунун талаптары, мөөнөттөрү, формасы, орду жана наркы жөнүндө алдын ала маалымдоо.

4. Алдын ала каттоо окууга кабыл алынды дегенди билдирбейт, Адвокатуранын талапкерди кабыл алуу милдеттенмесин жаратпайт жана талапкерди Юридикалык өкүлдөрдүн реестрине киргизүүгө алып келбейт. Окууга кабыл алуу билим берүү кызматтарын көрсөтүү жөнүндө келишим түзүлгөндөн кийин Адвокатуранын жергиликтүү актыларында белгиленген тартипте жүзөгө ашырылат.

5. Алдын ала каттоо акысыз жүргүзүлөт.

6. Талапкерлердин жеке маалыматтарын иштетүү Кыргыз Республикасынын жеке маалыматтар жана маалыматты коргоо чөйрөсүндөгү мыйзамдарын сактоо менен жүзөгө ашырылат.

Scanned with CamScanner

2-бөлүм. Алдын ала каттоонун шарттары жана мөөнөттөрү

7. Алдын ала каттоо 2026-жылдын 1-сентябрынан баштап жүргүзүлөт. Окуунун ар бир агымына арыздарды кабыл алуу мөөнөтү Адвокатура тарабынан аныкталат жана арыздарды кабыл алуу башталар күнүнө чейин беш жумуш күнүнөн кечиктирилбестен жарыяланат.

8. Алдын ала каттоого арыз берүүгө жогорку юридикалык билими (бакалавр же магистр даражасы) жана юридикалык адистиги боюнча кеминде бир жыл иш стажы бар аракетке жөндөмдүү жеке адам укуктуу.

9. Кыргыз Республикасынын жеке административдик-аймактык бирдиктери үчүн белгиленген квалификациялык талаптардын өзгөчөлүктөрүн колдонуу менен окуудан өтүүгө талапкер болгон адам тиешелүү административдик-аймактык бирдикти көрсөтүү менен бул тууралуу арызда белгилейт.

10. Алдын ала каттоо этабында документтердин түп нускаларын берүү талап кылынбайт. Берилүүчү маалыматтардын аныктыгы талапкер тарабынан тастыкталат; тастыктоочу документтер окууга кабыл алууда берилет.

3-бөлүм. Арыздарды берүү жана каттоо

11. Арыз ушул Тартиптин тиркемесине ылайык форма боюнча берилет:

1. электрондук формада - Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын расмий сайты, «Адвокатура» автоматташтырылган маалыматтык системасы аркылуу же Адвокатуранын электрондук почта дарегине;

2. кагаз түрүндө - Адвокатура жайгашкан жер боюнча.

12. Талапкер арызга билим берүү документинин жана юридикалык адистиги боюнча иш стажын тастыктаган документтердин электрондук образдарын (көчүрмөлөрүн) тиркөөгө укуктуу. Алдын ала каттоо этабында көрсөтүлгөн документтерди бербөө арызды четке кагууга негиз болуп саналбайт.

13. Арыздар келип түшкөн күнү катталат. Иш убактысынан тышкары, дем алыш же майрам күнү келип түшкөн арыз кийинки биринчи жумуш күнү катталат.

14. Катталган арызга каттоо номери ыйгарылат. Талапкерге арыздын катталгандыгы жөнүндө анын каттоо номери жана күнү көрсөтүлгөн билдирүү жөнөтүлөт.

15. Арыздарды эсепке алуу Адвокатура тарабынан электрондук формадагы алдын ала каттоо журналында жүргүзүлөт. Журналда арыздын каттоо номери жана күнү, талапкер жана анын байланыш маалыматтары, билим берүү жана стаж жөнүндө маалыматтар, талапкердин окуу формасы, орду жана мөөнөтү боюнча каалоолору, арыздын учурдагы статусу, агым жана окуу тобу жөнүндө маалыматтар, ошондой эле талапкерге жөнөтүлгөн билдирүүлөрдүн даталары камтылат.

Scanned with CamScanner

16. Талапкер арызды берген ыкма менен Адвокатурадан кабарлоо аркылуу окуу топтору түзүлө турган күнгө чейин арызды өзгөртүүгө же кайтарып алууга укуктуу.

4-бөлүм. Арыздарды кароо жана окуу топторун түзүү

17. Адвокатура арыз катталган күндөн тартып үч жумуш күнүнүн ичинде аны карап чыгат жана берилген маалыматтардын толуктугун жана талапкердин ушул Тартиптин 8-пунктунун талаптарына шайкештигин текшерет.

18. Маалыматтардын толук эместиги аныкталганда Адвокатура талапкерге кемчиликтерди көрсөтүү менен билдирүү жөнөтөт жана аларды жоюу үчүн беш жумуш күнүн берет. Кемчиликтерди жоюу мезгилине арызды кароо мөөнөтүнүн жүрүшү токтотула турат.

19. Арыз төмөнкү учурларда четке кагылат:

1. кемчиликтер белгиленген мөөнөттө жоюлбаса

2. талапкер ушул Тартиптин 8-пунктунун талаптарына жооп бербесе;

3. арыз тиешелүү агымга арыздарды кабыл алуу мөөнөтү аяктагандан кийин келип түшсө.

20. Арызды четке кагуу жөнүндө билдирүү жүйөлүү болууга тийиш. Ушул Тартиптин 19-пунктунун 3-кичипунктунда каралган учурда талапкерге кийинки окуу агымына катталуу бир убакта сунушталат.

21 Адвокатура алдын ала каттоо өткөн талаптерлеридин тизмесин Окуу борборуна, окуу топторду түзүү үчүн жөнөтөт

22. Окуу топтору арыздардын катталган кезексиздигин, талапкерлер көрсөткөн окуунун артыкчылыктуу формасын жана ордун, ошондой эле Окуу борбору тарабынан Программанын 1.7-пунктуна ылайык аныкталуучу топтун санын эске алуу менен түзүлөт.

23. Арыздардын саны тиешелүү агымдын окуу орундарынын санынан ашып кеткен учурда талапкерлер арыздардын катталган кезексиздиги боюнча резервге киргизилет жана кийинки агымдын пландаштырылган мөөнөттөрү жөнүндө кабарландырылат.

24. Окуу башталган күнгө чейин беш жумуш күнүнөн кечиктирилбестен Окуу борбору окуу тобуна киргизилген талапкерге агымдын жана топтун номерин, окуунун даталарын жана формасын, сабак өтүүчү жерди же дистанциялык окутуу платформасы жөнүндө маалыматтарды, расписаниени, окутуунун наркын жана төлөө тартибин, билим берүү кызматтарын көрсөтүү жөнүндө келишим түзүү мөөнөтүн, кабыл алууда берилүүчү документтердин тизмесин жана жооптуу адамдын байланыш маалыматтарын камтыган билдирүү жөнөтөт.

25. Талапкер окууга катышуусун билдирүүдө көрсөтүлгөн мөөнөттө тастыктайт. Белгиленген мөөнөттө катышуусун тастыктабоо талапкерди резервге которуу менен окуу тобунан чыгарууга жана кезектеги кийинки талапкерди тобуна киргизүүгө алып келет.

Scanned with CamScanner

5-бөлүм. Маалыматты жайгаштыруу

26. Алдын ала каттоо жөнүндө маалымат Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын расмий сайтында, «Адвокатура» автоматташтырылган маалыматтык системасында жана Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын социалдык тармактардагы расмий баракчаларында жайгаштырылат. Маалымат маалыматтык алмашуу тартибинде башка расмий маалыматтык ресурстарда да жайгаштырылышы мүмкүн.

27. Жайгаштырылуучу маалымат төмөнкүлөрдү камтыйт:

1. Мыйзамда талапкерлерге коюлган талаптар;
2. арыздарды кабыл алуу мөөнөттөрү жана аларды берүү тартиби;
3. арыздын формасы жана аны жөнөтүү ыкмалары;
4. окутуунун көлөмү, формасы, мөөнөттөрү жана өткөрүлүүчү орду;
5. окутуунун наркы жана төлөө тартиби;
6. окууга кабыл алууда берилүүчү документтердин тизмеси;
7. жыйынтыктоочу аттестацияны өткөрүү жана сертификат берүү тартиби жөнүндө маалыматтар;
8. сертификат өз алдынча юридикалык өкүл катары иш жүргүзүү укугун бербестигин жана мындай укук адам Юридикалык өкүлдөрдүн реестрине киргизилгенден кийин пайда болору жөнүндө түшүндүрмө;
9. Окуу борборунун байланыш маалыматтары.

28. Маалымат арыздарды кабыл алуу башталар күнүнө чейин кечиктирилбестен жайгаштырылат жана актуалдуу абалда кармалып турат. Өзгөртүүлөр тиешелүү чечим кабыл алынган күндөн тартып бир жумуш күнүнөн кечиктирилбестен жайгаштырылат.

29. Маалыматтык билдирүү менен бирге талапкерге эскерткич жана типтүү суроолор боюнча түшүндүрмөлөр жайгаштырылат.

30. Маалыматты жайгаштырууга жана актуалдаштырууга жооптуу адам Окуу борборунун директорунун буйругу менен аныкталат.

6-бөлүм. Корутунду жоболор

31. Окууга кабыл алынбаган талапкерлер жөнүндө маалыматтарды Окуу борбору, эгерде Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында башка мөөнөт белгиленбесе, арыз берилген агым аяктаган күндөн тартып бир жыл бою сактайт, андан кийин жок кылууга же обезличивать (жекелештирүүгө) жатат.

32. Ушул Тартип Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын Адвокаттар кеңеши тарабынан бекитилген күндөн тартып күчүнө кирет.

33. Ушул Тартип менен жөнгө салынбаган маселелер Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына, Программага жана Окуу борборунун жергиликтүү актыларына ылайык чечилет.

Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын Адвокаттар кеңешинин Төрайымынын м.а. **А.А.Джаманкулова**

Scanned with CamScanner

Тиркеме
Сот өкүлчүлүгү маселелери боюнча кошумча кесиптик даярдыктан өтүүнү каалаган адамдарды алдын ала каттоо тартибине

(формасы)

Кыргыз Республикасынын Адвокатурасына

АРЫЗ
сот өкүлчүлүгү маселелери боюнча кошумча кесиптик даярдыктан өтүү үчүн алдын ала каттоо жөнүндө

Мени 80 академиявий саат көлөмүндөгү Окуу программасы боюнча сот өкүлчүлүгү маселелери боюнча кошумча кесиптик даярдыктан өтүү үчүн каттооңузду суранам.

1. Талапкер жөнүндө маалымат:

1. фамилиясы, аты, атасынын аты (бар болсо):
_____
2. туулган күнү: 20___-жылдын «___» _____ _____;
3. жеке идентификациялык номери (ЖИН): _____;
4. жашаган (турган) жеринин дареги:
_____;
5. телефон номери: _____, электрондук почта дареги: _____.

2. Жогорку юридикалык билим жөнүндө маалымат:

1. билим берүү уюмунун аталышы: _____;
2. берилген даражасы (бакалавр, магистр, адис):_____
3. бүтүргөн жылы: _____.

3. Юридикалык адистиги боюнча иш стажы жөнүндө маалымат:

1. стаждын жалпы узактыгы: _____ жыл _____ай;
2. иштеген жери (жери) жана ээлеген кызмат орду (кызмат орундары):
_____

4. Окуу боюнча каалоолор:

1. окуу формасы: ☐ күндүзгү; ☐ дистанциялык; ☐ аралаш;
2. сабак өтүүнүн артыкчылыктуу орду (шаар, район):
_____;

Scanned with CamScanner

3. артыкчылыктуу агым: ☐ биринчи (2026-жылдын сентябрь — октябры); ☐ кийинки;

4. сабактын артыкчылыктуу убактысы: ☐ күндүзгү; ☐ кечки; ☐ дем алыш күндөрү.

5. Өзгөчө административдик-аймактык бирдик үчүн белгиленген квалификациялык талаптардын өзгөчөлүктөрүн колдонуу менен окууга талапкермин:

☐ жок; ☐ ооба, административдик-аймактык бирдик: _____.

6. Төмөнкүлөрдү тастыктайм:

1. ушул арызда көрсөтүлгөн маалыматтар толук жана анык;

2. мага алдын ала каттоо окууга кабыл алынды дегенди билдирбегени жана Юридикалык өкүлдөрдүн реестрине киргизүүгө алып келбегени түшүндүрүлдү;

3. мага тастыктоочу документтер окууга кабыл алууда берилери жана окутуу акы төлөө негизинде жүргүзүлөрү түшүндүрүлдү.

7. Ушул арызда көрсөтүлгөн менин жеке маалыматтарымды Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын алдындагы Адвокаттардын окуу борбору тарабынан алдын ала каттоо, окуу топторун түзүү жана окуунун жүрүшү жөнүндө маалымдоо максатында иштетүүгө макулдугумду берем.

8. Билдирүүлөрдү алуу ыкмасы:

☐ ушул арызда көрсөтүлгөн электрондук почта дарегине; ☐ телефон аркылуу; ☐ кагаз түрүндө.

9. Тиркелет (бар болсо):

☐ билим берүү документинин көчүрмөсү (электрондук образы);

☐ юридикалык адистиги боюнча иш стажын тастыктаган документтердин көчүрмөлөрү (электрондук образдары).

«___» _____ 20__-жыл _____

(күнү) (кол тамгасы) (фамилиясы, аты-жөнү)

Scanned with CamScanner

Кызматтык белгилер

Арыз катталды: 20__-жылдын «___» _____,
каттоо номери _____.
Статусу: ☐ кабыл алынды; ☐ тактоону талап кылат; ☐ четке кагылды (негизи: _____).
Агым _____, окуу тобу _____.
Арызды кабыл алды:_____
_____
(кызмат орду, фамилиясы, аты-жөнү) (кол тамгасы)

Scanned with CamScanner

Бардыгы тигилген, номерленген жана мөөр басылган

7 (жети) барак.

Кызмат орду

Кол тамгасы

«27» август 20 26 ж.

Scanned with CamScanner